**ГЕНЕРАЛ С.САМСАЛИЕВ АТЫНДАГЫ ЖОГОРКУ-АЛАРЧА ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРУУ ОРТО МЕКТЕБИ**

# 2019-2020-ОКУУ ЖЫЛЫНЫН ОКУУ-ТАРБИЯ ИШТЕРИ БОЮНЧА АНАЛИЗИ

**АРЧАЛЫ**

**Генерал С. Самсалиев атындагы Жогорку-Аларча орто мектебинин 2019-2020- окуу жылындагы**
# МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАРДЫ АТКАРУУНУН АНАЛИЗИ ЖАНА ДАЛИЛДӨӨЛӨРҮ

| № | Өзүн-өзү баалоо үчүн критерийлер | Билим берүү уюмунун өзүн-өзү баалоосу (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөө базасы |
|---|---|---|---|
| | **1. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** | | |
| | ***Билим берүү уюмунда окумуштуулар же педагогикалык кеңеши бекиткен жана билим берүү уюмунун сайтын жарыяланган, өзүнө миссияны, стратегиялык жана учурдагы пландарды, билим берүү максаттарын, окутуун натыйжаларын, сапат менеджменти системасын камтыган билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты болушу керек*** | | |
| 1.1 | Билим берүү уюмунун так аныкталган жана кабыл алынган миссиясы, анын негизинде иштелип чыккан жана бекитилген, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келген стратегиялык жана учурдагы пландарынын болуусу. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын жана окутуунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу; | Генерал С. Самсалиев атындагы Жогорку-Аларча орто мектеби -мектептин миссиясынын негизинде үзгүлтүксүз башталгыч, жалпы орто негизги, жалпы орто билим берүүнү камсыз кылат, билим берүү мыйзамына , мамлекеттик билим берүү стандартына жана мектептин уставына ылайык иш алып барат. Мектеп , ата-эне, жергиликтүү коомчулук менен тыгыз кызматташтыкта окуутуну жана тарбия берүүнү инсандын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгында жүргүзөт, инсандын ден соолугун сактоону камсыздайт, анын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзгөн иш алып барат.<br><br>Мектеп стратегиялык планды 27.08 .2019ж..№ 1 педкенешмесинде кабыл алган<br>Биздин мектептин негизги максаттары<br>-Окутуунун сапатын жана натыйжалуу усулдарды өздөштүрүү аркылуу окуучуларга билим берүү | Тиркеме 1<br>Миссия. Стратегиялык план<br>Тиркеме 2<br>Мектептин документациясынын тизме |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | - Ар бир окуучуга жугумдуу билим берүү жана анын үзүрүн көрүүнүн негизинде окуучуларды тарбиялоо. Бирдиктүү билим берүү жана тарбиялоо чөйрөсүн , инсандын өнүгүүсүн жана калыптануусун камсыз кылууда чыгармачылык иш үчүн шарт түзүү<br><br>- Таанып билүүчүлүк социалдык жана инсандык өнүгүү боюнча компетенцияларды окуу процессинде колдонуп ишке ашыруу<br><br>-Ата-энелер жана демөөрчүлөр менен тыгыз байланыш түзүү<br><br>Стратегиялык планда негизинен мектептин стандартка ылайык материалдык –техникалык базаны чыңдоо, компетенттүүлүк ыкманы эске алуу менен билим берүү мазмунун модернизациялоо, натыйжага эсетелген сапаттуу билим берүүнүн негизи катары окуучунун , класстын жана мектептин деңгээлинде билим берүү процессин натыйжаларын диагностикалык жана контролдоонун жаны методдорун киргизүү менен төмөндөгү натыйжаларды күтөбүз<br><br>-Билим берүү сапатынын жогорулашы<br><br>-Педагогикалык кадрлардын профессионалдуу компетенттүүлүгүнүн жогорулашы<br><br>-Мектепте социалдык –психологиялык климаттын жакшы болуусу | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | -Ата-эне жана мектеп ортосундагы карым – катнаштын өзгөрүшү. Ата-энелер жана окуучулардын талабына мектептин жооп берүүсү<br><br>-Мектептин кадыр-баркынын өсүшү жана коомчулук тарабынан колдоого алынуусу<br><br>-Мугалимдердин жалпы маданияттык жана кесиптик компетенттүүлүгүнүн өсүшү<br><br>-Педагогикалык ишмердүүлүк процессинде кесиптик чеберчиликтин жогорулашы<br><br>-Окуучулардын таанып-билүүчүлүгүнүн өсүшү<br><br>-окуу процессинин жанданышы<br><br>-Окуучулардын ден-соолугу жана спорттук жетишкендиктердин өсүшү<br><br>-Окуу процессинин комфорттугу өсүшү<br><br>-Изилдөө иштери боюнча райондук, облустук сынактарга катышуу<br><br>-Бүтүрүүчүлөрдүн ар түрдүү илимий жана тарыхый булактары менен иштей алышат<br><br>Билим берүү сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууда көзөмөлдөөгө билим берүү жетекчилери, педагогикалык жамаат , окуучулар жана ата-энелер катышышат(семинар, тренинг, ата-энелердин чогулуштары) | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| 1.2 | Жыл сайын стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, аткаруунун натыйжаларын талдоо жана тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү; | Ар бир окуу жылынын аягында мектептин проблемалык –багыттоочу анализ түзүлүп, аткаруунун натыйжаларын талдоонун негизинде тиешелүү түзөтүүлөр кийинки жаңы окуу жылынын жылдык планына окуучулардын билим сапатын көтөрүү үчүн киргизилген:<br>-өтүлгөн сабактардын сапатын көтөрүү үчүн жаңы окуу ыкмаларды киргизүү менен окуу процессин жандандыруу<br>-окуучулардын ар түрдүү илимий жана тарыхый булактарын колдонуу менен изилдөөчүлүк ишке кызыгууларын өнүктүрүү<br>- окуу процессинин комфорттугунун өсүшү<br>- окуучулардын таанып билүүчүлүгүн жогорулатуу<br>- окуучулардын олимпиадага,УТБ, ЖРТ даярдоо боюнча зээндүү балдар менен иштөө планын түзүү<br>-окуучуларды жаны китеп менен камсыз кылуу<br>-педагогикалык кадрлардын профессионалдуу компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн мугалимдерди курстарга, семинарларга катыштыруу<br>Ошондой эле окуучулардын жетишүү боюнча чейрек сайын ар бир предметтик мугалим мониторинг жүргүзөт, анализ берет жана педкенешмеде каралат.<br>Быйыл 2019-2020 окуу жылында 4 чейректе окмот тарабынан киргизилген кырдаалга карата аралыктан окууту жургузулду, окууту он лайн режиминде өткөрүлдү. Окуучулардын катышуусу 100% түздү. Жыйынтыгында чейректик жана жылдык баалар чыгарылды | Тиркеме 8,9,10,11,12<br>2019-2020 окуу жылындагы окуучулардын чейрек сайын жетишүүсү боюнча мониторинги<br>Тиркеме 12<br>предметтик мугалимдердин мониторинги |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Жылында 2 жолу окуучулар предметтер боюнча зачеттук тапшырмаларды аткарышат жана анализ берилип окуучулардын билим денгээлин жогорулатуу үчүн ар бир окуучуга жекече тапшырмалар берилет .<br>Мектептин стандартка байланыштуу иштерин колдоодо мектептин утурумдук ондоосу жогорку сапатта өткөрүлдү. Мисалы 2015 -2016 окуу жылында мектепти жаны окуу жылына даярдоо боюнча райондук кароо- сынакта" Эң мыкты мектеп" номинациясында 1 даражадагы дипломго ээ болду, 2017-2018 окуу жылында дагы ушундай дипломго ээ болду. | |
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, контролдоого жана кайра кароого билим берүү уюмунун жетекчилиги, кызматчылары, окуучулары (студенттери) жана кызыкдар тараптардын катышуусу; | Билим берүү сапатынын камсыздоо саясатын ишке ашырууда мектепте бир жылда алты педагогикалык кенешме каралган. Директор алдындагы кенешмеде, завуч алдындагы кенешмеде,УБ чогулуштарында,окуучулар, ата-эне чогулуштарында көйгөйлүү маселелер чечилет. | Тиркеме №14<br>2018-2019, 2019-2020 окуу жылдарынын салыштырмалуу билим сапатынын мониторинги |
| 1.4 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен киргизүү; | Генерал С. Самсалиев атындагы Жогорку-Аларча орто мектебинин билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын документтериштирилген системасы менен жүргүзөт<br><br>КР Билим берүү жөнүндөгү мыйзам<br>Балдардын укугу жөнүндө Конвенция,<br>Президенттин жана КО нун указдары,<br>Республикалык, муниципалдык актылар<br>Мектептин Уставы 2008ж.11ноябрда бекитилген, Серия ГР №0057532<br>Юридикалык күбөлүк – каттоо номери 102680-3308-М-е<br>ОКПО коду 23615916 Идентификациялык салык номери 0111120081026<br>Мектептин өнүгүү программасы, аткаруучулук милдеттер, буйруктар жана төмөндөгү локалдык – | Тиркеме № 2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | нормативдик актылар<br>Кызматкерлер менен мамилени калыптандыруучу локалдык актылар<br>Өзүн-өзү башкаруучу органдарынын ишмердүүлүгү.<br>Административдик ишмердүүлүктү калыптандыруучу локалдык актылар<br>окуу процессин калыптандыруучу локалдык актылар<br>Усулдук иштери -<br>Жардам берүү кызматынын ишмердүүлүгүн калыптандыруучу локалдык актылар | |
| 1.5 | Билим берүү уюмунда билим берүүнүн сапат менеджментинин документтештирилген системасынын жардамы менен билим берүү сапатын камсыздоо саясатын киргизүүгө жоопту адамдардын (кызматтардын) болуусу; | Билим берүү сапатын камсыздоо саясатын киргизүүгө жоопту ОББ Шаршенова Г.С. жана УБ башчылары | |
| 1.6 | Билим берүү уюмунун сайтында жарыяланган жана бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү билим берүү уюмунун миссиясынын, стратегиялык жана учурдагы пландарынын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын, билим берүүнүн сапат менеджментинин системасынын болуусу. | Миссия, стратегиялык жана учурдагы пландар, билим берүү максаттары, окутуунун натыйжалары педагогикалык кенештерде, ата-энелердин чогулушунда, мектеп кенештеринде талкууланат жана чечим чыгарылат.Билим процессин жакшыртуу үчүн негизинен мугалимдер өз билимин жогорулатуу менен жаны инновациялык технологияларды өздөштүрүүсүнө басым кылган. | Тиркеме №2 Стратегиялык план<br>Учурдагы план |
| 1.7 | Педколлективдин жана окуучулардын этикалык нормаларды сактоо боюнча иш чаралар | Этикалык нормалар ар бир окуучуга, окуучулардын аброю жөнүндө жана мугалимдердин аброю жөнүндөгү жоболордо бекитилген.. Тартип бузган окуучулар менен класс жетекчилер ата-.энелер менен иш алып | Мугалимдин жана окуучунун аброю жөнүндө жобо. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | барышат , одоно тартип бузган окуучу катталган эмес. Педколлективдин арасында этикалык нормаларды бузган мугалим жок. | |
| | | | |
| **1. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо** | | | |
| ***Билим берүү уюму билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү үчүн жол-жоболорго ээ болушу керек. Иштелип чыккан билим берүү программаларынын мазмуну билим берүү уюмунун миссиясына, билим берүү максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, окуучулардын (студенттердин) жана башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык болушу зарыл. Билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында алынуучу квалификация так аныкталуусу жана кызыкдар тараптарга түшүндүрүлүүсү зарыл*** | | | |
| ***Билим берүү уюму өз максатына жетүүсүн жана окуучулар (студенттер) менен башка кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жооп берүүсүн кепилдөө жана аныктоо үчүн жумуш берүүчүлөрдү жана башка кызыкдар тараптарды тартып, мезгил-мезгили менен (бир жылда бир) мониторинг жана баалоо жүргүзүүсү зарыл*** | | | |
| 2.1 | Билим берүү уюмунун миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык так аныкталган билим берүү программасынын билим берүү максаттарынын болуусу; | Мамлекеттик билим берүү стандарттагы окуу программаларынын , базистик окуу планынын негизинде 7 билим берүү тармагы ( тилдик, социалдык, математикалык, табигый илим, технологиялык, искусство, ден соолук маданияты) менен иш алып баруу менен мектептин билим берүү системасынын өнүгүшүнүн негизги стратегиялык максаты чыгармачыл, эркин, социалдык жактан компетенттүү ,өзүнө жана айлана –чөйрөсүнө түз көз караштa карап, гармонияда жашай алган, Ата-Журтунун маданиятын билген жана сүйгөн , аны мураска ала алган жана көбөйтө билген , “ эмгекчил”, “үй | Тиркеме 19<br>2019-2020 окуу жылынын окуу программасы.<br>Тиркеме 6 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | бүлөчүл" " "жаран" миссияларын аткара алган инсанды тарбиялоо.<br>Мектептин окуу планы, мугалимдердин тарификациясы 2019-2020 окуу жылына карата Аламүдүн РББ тарабынан макулдашылган жана бекитилген.<br>Сабактар педагогдун түздөн –түз катышуусу менен ар кандай түрдөгү сабактар( викторина, диспут,лекция, ж.б.) жана окуучулардын өз алдынча иштөө боюнча ( текшерүү иштер, тесттик тапшырмалар, сабакка даярдануу ж.б. формасында) ошондой эле окуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн сынактарын, .зачетторун өткөрүү боюнча окутуунун жана тарбиялоонун уюштуруусу байкалып турат.<br>Класстан тышкаркы иш чаралар сапаттуу жана кызыктуу өткөрүлөт, ошондой эле окуучуларга эстетикалык , патриоттук, толеранттуулук ,гумандуулук тарбия багытталган | |
| | Билим беруу программасынын максаттары мамлекеттик билим беруу стандарттына дал келиши жана окуутунун күтүлүүчү натыйжаларынын болуусу | Мектепте иштелип чыккан билим берүү программаларынын мазмуну Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014 жылы 21 июлундагы № 403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүү стандарттарына окуучулардын жана башка кызыкдар тараптарына керектөөлөрүнө ылайык түзүлгөн.<br>Инсанды улам өзгөрүп жаткан дүйнөдө жеке жана коомдук бакубаттуулукту камсыз кылган жарандык жана кесиптик ишке даяр болуу максатында окуучулардын билимин баалоо үчүн чейрек сайын административдик контролдук | Тиркеме 19<br>2019-2020 жылындагы окуу планы<br>Тиркеме 15 9,11 класстардын эзамендеринин жыйынтыктары<br>Тиркеме 16 Предметтер боюнча билим сапаты |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | иштер, тесттик тапшырмалар, жылына эки жолу зачет тапшырышат, билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн жылына бир жолу бүтүрүүчү класстар мамлекеттик сынактан өтүшөт 5-8, 10 класстар көчүрүү сынактарга катышышат.<br>Мониторингдин негизинде анализ жүргүзүлүп турат.<br>Ар бир предметтик мугалим окуу планы менен камсыз болду жана мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык келтирилген. | |
| 2.2 | Билим берүү программасы боюнча так аныкталган жана мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу жүктөмүнүн болуусу; | Мамлекеттик билим берүү стандартындагы окуу программаларынын , базистик окуу планынын негизинде( 2019ж. 23 май № 616/1буйругу) бекитилген класс комплекти боюнча мугалимдерге окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлгөн<br>1 класстарда жумалык жүктөм 20саат<br>2класстарда- 22саат,<br>3 класстарда- 24саат,<br>4 класстарда -24 саат,<br>5 класстарда-28саат,<br>6 класстарда -30саат,<br>7 классарда-30саат,<br>8 класстарда 30саат,<br>9 класстарда-30саат,<br>10 класстарда-29саат,<br>11 класстарда -30саат | Тиркеме № 19<br>2019-2020 окуу жылындагы окуу планы |
| 2.3 | Билим берүү программасын өркүндөтүү максатында окуучулар (студенттер) менен иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттангандыгын мезгил-мезгили менен (бир жылда бир) баалоо; | Ар бир мугалим алдына коюлган талаптары , ыкмалары жана милдеттери аркылуу окуучулардын керектөөлөрүн канааттандырат. Алган билимдерин чейректик, жылдык баа аркылуу баалайт. Класстан класска көчкөндүгү, күзгү сыноого калуусу , мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясынан өтүүсүнүн | Тиркеме 13<br>2019-2020ж.ж.1-2жарым жылдыктын билим сапаты боюнча өсүү динамикасы<br>Тиркеме 15<br>2019-2020ж.ж.Экзамендин жыйынтыгы боюнча маалымат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | натыйжалары<br>педагогикалык кенеште , ата-энелердин чогулушунда, мектеп кенештеринде талкууланат.Ар бир жүргүзүлгөн иштер боюнча кызыкдар маалымат алат. Талкуу,талдоо жүргүзүү менен чечим чыгарылат.<br>Билим процессин жакшыртуу үчүн негизинен мугалимдер өз билимин жогорулатуу менен инновациялык технологияларды өздөштүрүүсүнө басым коюшат. Сабактарда техникалык каражаттарды колдонууга аракет жасашат.. | |
| 2.4 | Мониторинг жүргүзүү: | | |
| | - окуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмүнө, жетишүүсүнө жана бүтүүсүнө; | Педагогикалык кенеште , ата-энелердин чогулушунда, мектеп кенештеринде баалоонун натыйжалары талкууланат.Ар бир жүргүзүлгөн иштер боюнча кызыкдар маалымат алат. Талкуу,талдоо жүргүзүүдөн кийин чечим чыгарылат.<br>. | Тиркеме14<br>Окуучулардын 2 жылдык билим сапатынын мониторинги |
| | -Мектеп бааларынын натыйжасын талдоо | Инсанды улам өзгөрүп жаткан дүйнөдө жеке жана коомдук бакубаттуулукту камсыз кылган жарандык жана кесиптик ишке даяр болуу максатында окуучулардын билимин баалоо үчүн чейрек сайын административдик контролдук иштер, тесттик тапшырмалар, жылына эки жолу зачет тапшырышат, билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн жылына бир жолу бүтүрүүчү класстар мамлекеттик сынактан өтүшөт<br>Быйыл Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин2020- жылдын 11-майындагы № 361/1 буйругунун негизиндеги убактылуу жобо боюнча 9,11 класстар үчүн ЖМА предметтик комиссия тарабынан жүргүзүлдү. 5-8,10 класстар үчүн көчүрүү сынактары | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | -ЖРТ натыйжасын талдоо<br><br>“Алтын тамга”натыйжасын талдоо<br><br>Окуучулардын билимин баалоо (УТБнатыйжасын талдоо | өткөрүлгөн жок.<br>Мониторингдин негизинде анализ жүргүзүлүп турат.<br>Ар бир предметтик мугалим окуу планы менен камсыз болду жана мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык келтирилген.<br><br>11 класстын окуучулары жылда отулгон ЖРТ катышышат<br><br>Акыркы 5 жылда окуучулар өзгөчөлөнгөн аттестатка ээ болушкан жок<br>Жылына окуучулар райондук тестке катышышат | Тиркеме 5 Акыркы 3 жылдын ЖРТ катышуусу<br><br>-<br><br>Тиркеме 16 Предметтер боюнча билим сапаты |
| | - окуучулардын (студенттердин) жана жумуш берүүчүлөрдүн билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүүлөрүнө, керектөөлөрүнө жана канааттангандыгына; | Бардык класстардын жетишүүсү , бүтүрүүсү боюнча мугалимдердин педагогикалык кенешмелеринде талкууланат. Окуучулардын акыл эмгегин , жөндөмүн, биологиялык жана физикалык жактан өсүүсүн эске алуу менен базистик окуу планынын негизинде окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлгөн.<br>Окуучулардын саны 30дан ашкан болсо, чет тили, орус тили, информатика сабагынан 2 топко бөлүнүп окутулат. Класс жетекчи тарабынан класстык журнал аркылуу класстын жана ар бир окуучунун жетишүүсү , билим сапаты, жүктөмдөрү педкенешмеде талкууланат. Класс жетекчи анализ берип жаткан учурда сабактардан жетишпей жаткан окуучу белгиленип, предметтик мугалимдердин оюу, социалдык жактан жашоо шарты, жүрүм-туруму , тартиби каралып, себептерин аныктоо жана балага жардам берүү максатында<br>педкенештин чечими менен кичи педкенешке чакырылат. Ата-эне предметтик мугалимдер, администрациясынын катышуусу менен иш алып | Тиркеме 16 Предметтер боюнча билим сапаты |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | барышат . Ошондой окуучулардын жүрүм – туруму, жетишүүсү ата-энелердин чогулушунда каралат, ата-эне , мугалим, окуучунун ортосундагы байланыш тыгыз болуп окуучунун билим сапаты көтөрүлөт. | |
| | - билим берүү чөйрөсү менен колдоо кызматтарына жана алардын билим берүү программасынын максаттарына шайкештигине; | Мектепте соц.кызматкер өзүнүн планынын негизинде окуучулар менен иш алып барат . Балдардын көйгөйлөрүн чечүү үчүн “Ишеним почта” уюштурулган .ар бир балага социалдык папка түзүлгөн, ата-эне менен тыгыз байланышта болуу менен келишим түзүлгөн. | Тиркеме 20<br>Соцкызматкердин отчету |
| | | | |
| 2.6 | Мониторингдин жана мезгил-мезгили менен баалоонун натыйжаларын бардык кызыкдар тараптарды тартуу менен анализдөө, талкуулоо жана аны билим берүү процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн пайдалануу; | Мониторингдин натыйжаларын анализдөө педагогикалык кенешмеде, УБдин кенешмесинде, ата-энелердин чогулушунда бардык класстарынын билим сапатынын салыштырмалуу мониторинги көрсөтүлөт жана талкууланат. Бул кенешмелерге пед коллектив, ата-энелер комитети, айылдык кенештин депутаттары көйгөйлүү маселелерди чечүүгө жардам беришет. 2019ж. №3 педкенешмесинде жогоруда жазылган катышуучулар менен олимпиадага даярдоону жакшыртуу учун иш чаралар каралды. | Тиркеме 13 Билим сапатынын өсүү динамикасы<br>Тиркеме 14 2 жылдын салыштырмалуу мониторинги |
| 2.7 | Билим берүү программасын окуу-усулдук камсыздоо билим берүүнүн максаттарына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келүүсү. | Ар бир билим берүү программаларынын окуу-методикалык камсыздалышы менен мамлекеттик стандарттардын, билим берүү максаттарынын жана окутуунун натыйжаларына шайкеш келет | Окуу-методикалык китептердин, көрсөтмөлөрдүн тизмеси. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **3. Инсанга багытталган окутууга жана окуучулардын (студенттердин) жетишүүсүн баалоо** | | | |
| ***Билим берүү уюму өзүнүн билим берүү программаларына инсанга багытталган окутуу процесстерин киргизүүсү зарыл. Билим берүү программаларын ишке ашыруучу усулдар окуучуларды (студенттерди) билим берүү процессин биргелешип ишке ашырууда активдүү аракетке кызыктыруусу зарыл*** | | | |
| 3.1 | Компетенттүү окутуунун негизинде окуунун максаттары | Мугалимдер сабакты пландоодо негизинен уч максатты коюшат- билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялык<br>Окутуунун ар бир баскычында окуучулар анын курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык маалыматтык, социалдык-коммуникациялык , оз алдында уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүктөрүнө ээ болгонуна аракет жасашат.<br>Маалыматтык компетенттүүлүктө окуучу өз ишин пландаштырып иш жүзүнө ашыра алат, социалдык –коммуникациялык компетенттүүлүк- өз умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун таламдары менен айкалыштырууга даярдык, өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү - маалыматта, окуу жана турмуштук жагдайларда маселени өз алдынча же башка адамдар менен чечүүгө даярдык.<br>Окуу процессинде компетенттүүлүккө окуучулар ээ болуш үчүн төмөнкү шарттар түзүлгөн<br>-ар бир предметтик мугалимдин окуу процессинде максаттары окуучунун өз ишин уюштурууга жана натыйжасына багытталган.<br>-окуучулар жалпы билим алууда сабактан тышкары иштерге активдүү катышышат | Уюштуруучулук-буйрутма документтердин көчүрмөсү. Билим берүү уюмунун коммуникациялык стратегиясы.<br>Тиркеме 37<br>Сабактын планы<br>- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | (олимпиада,ийримдерге, кароо-сынактарга ж.б.)<br>-окуучулар алдына максат коюп жана ага жетишүү жолдорун издешет.<br>- баа берүүнүн негизинде окуучунун билими бааланат. | |
| 3.2 | Сабактарда компетентуулуктун максатында ИКТ колдонуу | Мектептин 65 % мугалимдери сабактарында ИКТ колдонушат. Информатика сабагында мугалим окуучуларды компьютер , интернет менен иштөөгө үйрөтөт , мугалимдер сабакка даярданууда тесттик тапшырмаларды, программаларды,сабактардын иштелмелерин ж.б. материалдарды интернеттен алышат жана проектор аркылуу видео-тасма колдонушат.<br>5-6класстарда жаны китеп менен толук камсыз болушту. Башталгыч класстын мугалимдери видео –фильмдерди телевизордун жардамы менен көрсөтушөт Мектепте компьютердик класс бар, 2017 ж. мектепке интернет киргизилди, мугалимдер жана окуучулар компьютерде бош убактарында иштей алышат. | Ресурстар жөнүндө маалымат №4 |
| 3.3 | Окуу-тарбия процессинде инновациялык технологияны киргизуу менен социалдык проектерди ишке ашыруу | Окуу –тарбия процессинде мектепке компьютер, Wi-Fi ,проектор, ноутбук , телевизор, DVD жана башка ИКТ колдонуу менен сабактарды өтүү үчүн ар кандай социалдык проекттер ишке ашырылат( Китеп менен камсыз болуу, мектептин эмеректерин жаныртуу) | Ресурстар жөнүндө маалымат №5 |
| 3.4 | Билим берүү сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, көзөмөлдөөгө жана кайра кароо билим берүү уюмунун жетекчилиги | Мектеп билим беруу программасында компетенттүү окууту процессин киргизүү максатында программаларды ишке ашырууда окуучулардын жетишүүсүн баалоодо негизги | Ресурстар жөнүндө маалымат<br>Тиркеме 23, 24<br>Мугалимдин портфолиосу<br>Окуучулардын портфолиосу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | нин ,педагогикалык жамааттын , окуучулардын жана кызыкдар тараптан катышуу | компеттүүлүктүн калыптанышынын үч денгээлин ( репродукциялык, продукциялык, креативдик) болуп көрсөтүүнү талап кылат. Мугалимдер ар кандай интерактивдүү методдорду колдонуп, сабактардын формаларын (лекция, диспут, таймаш ,кече ж.б. ) сабакка киргизүү менен окуучулар менен үзгүлтүксүз өз ара байланышта болуп турушат.<br>Мектептеги мугалимдердин басымдуу болугу чыгармачыл, изденүүчүлүк менен бугунку кундун талаптарына ылайык тажрыйбалуу педагог катары жаны технологияларды сабактарына колдонуп отууго аракеттенишет. Окуучулардын да иш аракеттери белгиленип, мугалим менен окуучунун ортосунда тыгыз байланышы күчөтүлөт. | |
| 3.5 | Пайдаланылган баалоо жол-жобосу, текшерүүлөрдүн түрлөрүү(экзамендер,зачеттор) окуучуларга карата талаптар, алардын билимин баалоонун колдонуулучу чен өлчөмдөрү боюнча окуучуларга толук маалымат берүү | Чейрек сайын текшерүү иштер ,жат жазуулар ,башталгыч класстарда окуу техникасы алынат, Чейрек сайын окуучулардын билими бааланат ,<br>Быйыл Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин2020- жылдын 11-майындагы № 361/1 буйругунун негизиндеги убактылуу жобо боюнча 9,11 класстар үчүн ЖМА предметтик комиссия тарабынан жүргүзүлдү. 5-8,10 класстар үчүн көчүрүү сынактары өткөрүлгөн жок. | Тиркеме 12 ,15 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.6 | Баалоонун натыйжасын апелляциялоонун расмий жол-жоболору<br>Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын билим берүүнүн сапат менеджментин документтериштирилген системасынын жардамы менен киргизүү | Баалоонун натыйжасын апелляциялоо катталган эмес<br><br>Мамлекеттик стандарт компетенттик негизинде мектепте билим берүүнү макулдашкан жөнгө салуу документтеринин тутуму аркылуу жүзөгө ашырылат<br>Предметтик стандарттар<br>Окуу пландар<br>Окуу методикалык комплекстер | Мамлекеттик билим берүү стандарты |
| 3.7 | Окуучулардын чыгармачылыгы жана шыктуу конүмдөрүн ишке ашыруунун жолдору:олимпиадага, кароо-сынактарына ,спорттук мелдештерге катышуусу | Окуучулар үчүн предметтер боюнча кошумча сабактар өткөрүлөт,жана ар кандай ийримдерге окуучулар катышышат..<br>2019-2020 окуу жылында чет тил, математика, менталдык арифметика , ЖРТке предметтер боюнча кошумча курстар иштеди.5 класстын окуучусу Кубанычбеков Н. Буткул Россиялык математика сабагы боюнча олимпиаданын женүүчүсү болду.<br>Район тарабынан уюштурулган патриоттук ырлар кароо сынагында 10 класстын окуучусу Алмазканова А. дипломго ээ болду. | Ресурстар жөнүндө маалымат№13<br>Тиркеме №3<br>Мурунку жылдынпланын ишке ашыруучу боюнча маалыматы |
| 3.8<br><br><br><br>3.9<br><br><br>3.10 | Билим берүү уюму окуучулар жетишүүгө тийиш болгон жетишүү денгээлин көрсөткөн баалоонун чен өлчөмдөрүн жарыялоо<br><br>Окугандарды иргоонун себебтерин талдоо жана окуучулардын бекемделуусу боюнча чараларды коруу<br>Укук бузуулар<br>-педагог тарабынан мыйзам | Окуучулар экзамен(зачет) учурундагы алган бааларын маалымат стенден көрө алышат.<br><br><br>Окуучулардын кетуусу боюнча анализдоо жургузулдуу<br><br><br>Жыл башында ар бир мугалим мектеп менен эмгек келишим тузот. Эмгек келишимде мугалимдин | Жетишүү боюнча мониторинг<br><br><br><br>Ресурстар жонундо маалымат № 6<br><br><br>Тиркеме №22<br>Эмгек келишим. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | бузуулар(окуучуларды кемсинтуу,акча чогултууж.б.)<br><br>-окуучулар тарабынан мыйзам бузуулар( уруш,мушташ, рэкээтчилик ж.б.) | укуктары жана милдеттери бекитилген.. Ошонун негизинде укук бузуулар дагы каралган жана андай мыйзам бузуулар катталган эмес<br><br>Окуучулар арасында мыйзам бузуулар болсо уюштуруу завуч,соцпедагог тарабынан укук бузууну алдын алуу кенешинде каралат. Балдардын тартиби онолбосо кичи педкенеште каралып, ата-энелери менен биргелешип иш алып барышат. | 2018-2019 окуу жылында . тартип бузунун алдын алуу боюнча соцпедагог менен ИДН кызматкерлер менен биргелешкен иш планы |
| 3.11. | Тарбия иштери боюнча пландарынын болусуу | Жылында тарбиялык иштер боюнча анализ берилип турат. Тарбиялык иштер негизги багыттар боюнча аткарылат<br>-интернационалдык тарбия<br>-эмгектик, эстетикалык тарбия<br>-патриоттук тарбия<br>-дене-тарбия<br>-адеп-ахлактык тарбия<br>-экологиялык тарбия<br>-укук жана үй бүлөлүк тарбия | Тиркеме №21<br>Тарбия иштери боюнча анализ |
| 3.12 | Ата-энелердин жана окуучулардын арыздарына жана даттанууларына чара көрүүнүн иштеп чыгарылган жана колдонууга киргизилген жол-жоболорунун болуусу | Мектепте ата-эне жана окуучулар учун арызданууу жана кайрылуулар боюнча китеп бар. Ата-энелер жана окуучулар тарабынан арыздар жана даттануулар катталган эмес. | - |

## 4. Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучулардын (студенттердин) бүтүрүүсү

***Билим берүү уюму мурдатан аныкталган, өзүнүн сайтында жарыяланган жана ырааттуу колдонулган окуучуларды (студенттерди) кабыл алууну, билим берүүнүн натыйжаларын таануу жана окуучулардын (студенттердин) бүтүрүп чыгышын жөнгө салуучу эрежелерге ээ болушу зарыл***

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4.1 | Окуучулардын кабыл алуу эрежелерин | Окуучуларды мектепке кабыл алуу боюнча ата- | Устав |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | процессин жана чен өлчөмдөрүн ачык –айкын ырааттуу колдонуу | энелер үчүн атайын стенд уюштурулат. Ата-энелердин арызынын негизинде ар бир окуучу мектепке кабыл алынат. | 6глава Билим беруу процесси<br>П.6.1,6.2, 6.3<br>Тиркеме 3 2018-2019 окуу жылынын окуучучулардын саны<br>Тиркеме 4 Акыркы 3 жылдын окуучулардын мектепке тартылуусу |
| 4.2 | Билим берүү уюму окуучунун окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишүүсү жана академиялык мобилдүүлүгүнө шарт түзүү үчүн мурдагы окууган мезгилдерин обьективдуу таанууну камсыздоо | Мектепке жыл ичинде 1-11 класска кабыл алынган окуучулардын өздук дело жана ага тиркелген жетишүү, катышуу табелдери менен кабыл алынып , чейректик жана жылдык жыйынтыктар чыгарылат. | Устав<br>Глава 3.<br>П.3.1,3.2 |
| 4.3. | Билим берүү уюму билим берүү программасы боюнча окууну бүткөн жана окутуунун күтүлгөн натыйжаларына жеткен окуучулардын алган квалификациясын, анын ичинде алган билиминин натыйжаларын, ошондой эле алынган билимдин мазмунун жана статусун тастыктаган документ менен, ошондой эле окууну аяктагандыгы жөнүндө күбөлүк менен камсыздоосу. | Акыркы 5 жылдагы бүтүрүүчүлөрдүн саны боюнча, аларды жыйынтыктоочу аттестацияга киргизүү боюнча статистикалык маалыматтар ресурстар жөнүндө маалыматта көрсөтүлдү.<br><br>2015-2016 окуу жылында 9 кл. 32 окуучу<br>11кл19 окуучу<br>2016-2017 окуу жылында 9 кл. 53 окуучу<br>11кл.21 окуучу<br>2017-2018 окуу жылында 9 кл. 24окуучу<br>11кл. 15окуучу<br>2018-2019 окуу жылында 9 кл. 26 окуучу<br>11 кл. 27 окуучу<br>2019-2020 окуу жылында 9 кл. 36 окуучу<br>11 кл. 11 окуучу<br>Билим берүү документтерин- күбөлүк, аттестат берүү боюнча билим берүү уюмунун Уставынын бөлүмдөрү, пункттары белгиленди<br>Акыркы 5 жылда негизги билими жөнүндө өзгөчөлөнгөн күбөлүккө жана артыкчылык аттестатка ээ болгон окуучулар жок | Тиркеме ,15 9,11класстын экзамендеринин жыйынтыгы<br>Тиркеме №14<br>2 жылдын билим сапаты боюнча мониторинги |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 5. Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курам

***Билим берүү уюму окуучулар (студенттер) менен иштөө үчүн кесиптик тажрыйбасы бар компетенттүү персоналга ээ болушу зарыл. Окутуучулар окутуучу предметти толук жакшы билүүгө жана түшүнүүгө, окуу процессинде билимди натыйжалуу берүү үчүн, ошондой эле алардын окутуусунун сапаты боюнча кайра байланышты түзүү үчүн керектүү ыкмаларга жана тажрыйбага ээ болушу зарыл***

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5.1 | Билим берүү уюмунун окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуунун, кызматтан жогорулатуунун Кыргыз Республикасынын эмгек боюнча мыйзамына жараша ачык-айкын жана объективдүү чен-өлчөмдөрүнүн пайдаланышы; | Мектептин кызматкерлерин топтоо тартиби Устав менен регламенттелет. Педагогикалык ишке зарыл болгон педагогикалык квалификация бар , кызматы жана алган адистиги боюнча квалификациялык мүнөздөмөнүн талаптарына туура келген , билими жөнүндө документи бар адамдар 3 ай сыноо мөөнөтү менен кабыл алынат Ар бир мугалимдин ишмердигин анализдөөдөн кийин кызматкерлерди кызматтан жогорулатуу иш чаралары аткарылат. | Устав п.7.13,7.14<br>Тиркеме №<br>Билим берүү уюмунун кызматкерлеринин кызматтык инструкциялары. Тиркеме №<br>Квалификацияны жогорулатуу пландары. |
| 5.2. | Окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамдын квалификациясы, билими жана тажрыйбасы ишке ашырылып жаткан билим берүүчү программага жана билим берүү процессинин талаптарына ылайыктуугу; | Мектепте азыркы учурда 32 мугалим эмгектенет. Жогорку билими бар адистер -30. Бул 93.7% түзөт атайын орто -2 Сандык жана сапаттык курамы мамлекеттик стандарттарга жана минималдык талаптарга жооп берет. Штаттык жана айкалыштырып иштеген окутуучулардын саны-2.<br>Пенсия курамындагы мугалимдердин саны-10<br>Жаш мугалимдер-5<br>КР Ардак грамотасы менен Сыдыкова С.Н.<br>КР Билим берүү мыктысы төш белгиси менен –8<br>Бечелова Г.Ж., Бодошова Ж.С., Акматалиева А.К., Токтосунова М, Т., Мамытова М. Т.,Чопиева А.Б Мамышова Т.А.Джекшембаева М.С. .<br>КР ББИМ Ардак Грамотасы менен-Абылдабекова Ж.А. | Тиркеме №7<br>2019-2020 окуу жылындагы мугалимдердин сапаттык курамы |

| | | | |
|---|---|---|---|
